УДК:748.4(575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-296-301

**Муратбек Касей**
Б. Бейшеналиева атындагы КММИУ, Маданият таануу илимдеринин кандидаты, доцент
**Муратбек Касей**
КГУКиИ им. Б. Бейшеналиевой, кандидат культурологии, доцент
**Muratbek Kasey**
KGUKI them. B. Beishenalieva**,** PhD in Cultural Studies, Associate Professor

# КОМУЗДУН КОШТООСУНДА ЫРДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# ОСОБЕННОСТИ ПЕНИЯВ СОПРОВОЖДЕНИИ КОМУЗА
# PECULIARITIES OF SINGING ACCOMPANIED BY KOMUZ

**Аннотация:** макалада кыргыз элинин ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн байыртадан берки салттуу түрдө өнүгүүсү менен бирге, ырдоонун аспаптын аткаруусунда коштолуусу тууралуу сөз болот. Ырчылык өнөрдө көбүнчө комуз аспабы коштоочу катары колдонулгандыгы, ырчынын комузда мыкты аткара билиши, анын толгоолору, чертүү ыкмаларын өздөштүрүүсү жөнүндө айтылат. Ырчынын үнү менен аспаптын тембринин шайкеш келүүсү, чыгарманы аткарууда аспаптын партиясынын өзүнчө кайрыктуулугу баса белгиленген. Ошондой эле, комуздун толгоосу музыка мыйзам ченемдүүлүгү эске алынуу менен, бир системага түшүрүлүшү боюнча маалымат берилет. Бул учурда, ырчынын үнүнүн бийиктик ченемине жараша жана тональностун тактоо менен комузду толгоп алуу белгиленет. Комуздун коштоосу менен аткарылуучу чыгарманы тандап алуу негизгиси маселерден болгондугу айтылат.

**Аннотация:** В Народные песни и произведении народных певцов-мелодистов занимают значительное место в музыкальной культуре кыргызского народа, в его повседневной жизни. Для их сопровождения применяются различные музыкальные инструменты (комуз, кыл кыяк ж. б.), но особой любовью пользуется комуз, который широко используется как сольный, ансамблевый, оркестровый инструмент, а также популярен как аккомпанирующий инструмент. В данной статье выявлен комплекс исполнительских задач певца на примере работы с собственными сопровождениями на комузе. Такая работа требует от музыканта-певца, аккомпаниаторского опыта, ряда специфических навыков и знаний из области инструментальных исполнительских искусств. В статье также подчеркивается гармония голоса певца и тембра инструмента, индивидуальность инструментальной партии в исполнении произведения. Выявлена специфика аккомпанияторской деятельности певца, а также определен комплекс знаний, умений и навыков необходимых певцу для профессиональной исполнительской деятельности.

**Annotation:** folk songs and works of folk singers occupy a significant place in the musical culture of our people, in his daily life. For their maintenanct, varios musical instruments are applied (komuz, kyl kyyak and etc.), but special love enjoys a subscriber who is widely used as a solo, ensemble, orchestral tool, and also popular as an accompanied tool. In this Article, the cjmplex of the singers performing tasks was revealed on the example of working with its own escorts on a community. Such work requires a musician-singer, accompanilation experience, a number of specific skills and knowledge from the field of instrumental artists. The article also emphasizes the harmony of the voice of the singer and the timbre of the instrument, the individuality of the

instrumental party performed by the work. The specificity of the accompanying activity of the singer was revealed, as well as a set of knowledge, skills and skills of the necessary singer for professional executive activities.

**Негизги сөздөр:** элдик ырдоо, аккомпанемент, комуз, тембр, искусство, аткаруучулук маданият, фольклор, ансамбль, оркестр.

**Ключевые слова:** народное пение, комуз, аккомпанемент, тембр, искусство, исполниетьская культура, фольклор, ансамбль, оркестр.

**Keywords:** folk singing, escake, accompaniment, timbre, art, escorting culture, folklore, ensembleб orchestra.

Кыргыз элинин ырчылык аткаруучулук өнөрүндө, ырчы-акындар элдик музыкалык аспаптын коштоосунда ырдоону өнүктүрүп келишкен. Аспаптын коштоосунда ырдоо абалтан эле салтка айланган. Көбүнчө, ырчылардын арасында комуздун коштоосунда ырдоо кеңири тараган. Кээде, кыл кыяктын коштоосунда ырдагандар да кездешет.

Аккомпанемент деген эмне? Аккомпанепент – француз тилинде “accompaner” – “коштоо” дегенди билдирет. Демек, аккомпанемент – бул обондуу ырды, термени, дастанды ж. б. музыкалык гамониялык жагдайында коштоого алуу деген мааниде. Аккомпанемент катары колдонулуучу музыкалык аспап чыгарманы аткарууда ырчыга жөлөк гана болбостон, чыгарманын музыкалык сапатын жогорулатууга, көркөм-кооздугун байытууга көмөк көрсөтөт.

Негизинен, байыртадан бери эле ырчылар чөйрөсүндө комуздун коштоосунда ырдоо кеңири тараган. Анткени, бул аспап ырчылардын аткарган чыгармаларын коштоодо, эң ыңгайлуулугу, тембринин көркөм-кооз жагымдуулугу, адам баласынын ырдоо үнү менен шайкеш келиши менен өзгөчөлөнөт. Ал, адам баласынын үнүнүн кандай гана ыкмасы болбосун, аны тууроо, окшоштуруу сапаттарына ээ. Ошондуктан, нечен кылымдардан бери комуз аспабын ырчылардын да, төкмө-акындардын да, дастанчылардын арасында кеңири колдонулуп, сүйүктүү аспабына айланып келгендигин билебиз. Ал гана эмес, манасчылардын ичинен да, элдик аспаптардын коштоосунда “Манас” дастанын айткандары кездешкен [2, 455-б.]. Мисалга алсак, Арстанбек “Манас” дастанын комуздун, ал эми, Жаманкара, Саид Бекмуратов кыл кыяктын коштоосунда айткандары белгилүү болгон.

Комуздун коштоосусуз ырдаган ырчы-акындарды өтө сейрек кездештиребиз. Илгертеден эле, комуздун коштоосу менен ырдоодо ырчы-акындын аспаптык жана ошондой эле, ырчылык аткаруучулук маданиятынын жогору болушу талаптуу болгон. Албетте, ар бир ырчы чыгарманы комузда өзүнүн аткаруусу менен коштоо салтка айланган. Ырчы аткарган чыгарманы коштоочу аспабын да мыкты өздөштүрө билген.

Кандай гана чыгарма болбосун (ыр, күү, терме, дастан ж. б.), анын үстүндө иштөөнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүк өзгөчөлүгү бар экендиги бизге маалым. Ал эми, комузчулук аткаруучулук жөндөмдүүлүк өзүнчө каралуучу маселе. Ал маселелер аспаптын добушун чыгаруу, шилтемдерин туура жөндөө, аткаруучулук ыкмаларын тийиштүү деңгээлде өздөштүрүү, ошондой эле аткаруучунун аспапта ойноодо отуруу тартиби, оң жана сол колдорунун абалдары, аппликатуранын туура жайгашуусу сыяктуу жагдайларга байланыштуу. Ошондой болсо да, ырчылык менен аспаптык аткаруучулуктун кандайдыр бир деңгээлде бири-бири менен тыгыз байланыштыгы бар. Бул жагдайда ырчы аспабынын толгоосун өзүнүн үнүнө шайкештиктеги тональностко күүлөп алуусу зарыл.

Ырдын аспаптык коштоосун өздөштүрүүгө киришүүдө, баарынан мурда ырдын обонун тактап, сөзү менен айкалыштыра өздөштүрүп алуу керек. Андан соң, адеп ырга аспаптык киришүүсүн иштеп чыгуу керек. Ырдын аспаптык киришүүсү чыгарманын жалпы мүнөзүн чагылдыруу менен, обондун өзү кайталанбастан, анын темасынын негизиндеги өзүнчө обонго мүнөздүү кайрыктардан турушу керек. Андан соң, ырдын куплеттер ортосундагы аспаптык кайрыктарын жөнгө салууга киришүүгө болот. Негизинен музыкалык мыйзам ченемдүүлүктөн четтебестен, ырдын киришүүсү да, куплеттер ортосундагы аспаптык кайрыктар да, ырдын негизги темасынан четтебестен, унисондуу түрдө эмес, кандайдыр бир өзүнчө обонго шайкеш келген кайрыктардан турушу дурус болот. Мындай аккомпанемент ырды обондук, гармониялык ж. б. жагынан байытуу менен, обон менен айкалышкан шайкештиктеги көркөм-кооздукту берет. Кээ бир элдик ырлардын обону өтө жөнөкөй келүү менен, кайрыктарынын бир канча кайталануусу болуп өтөт. Бул учурда, аспаптык киришүү, куплеттердин ортосундагы аспаптык кайрыктарда негизги обонду унисондуу түрдө кайталанбастан, обондун негизги темасында иштелип чыккан аспаптык кайрыктардан турушу керек. Мындай аккомпанемент ырдын негизги обонун байытуу менен, анын уккулуктуулугун, жагымдуулугун арттырат.

Ырдоодо аткарыла турган ырдын обону менен сөзү төп келишип, аткаруучу анын мүнөзүнө жараша образдуу түрдө угуучуларга тартуулайт. Жогоруда айтылгандай ырды коштогон аспаптын партиясы, бүтүндөй толугу менен ырдын обонун кайталабастан, ага айкалыштагы добуштарды изденүү менен, ырдын ажарын ачууга шайкеш келген, анын көркөмдүгүн, кооздугун арттырган коштоочу болушу мыйзам ченемдүү. Мында, ырчынын ырдоо үнүнүн да, аны коштогон аспаптын добушунун да музыкалык интонациясы өтө таза, так болуу менен, көркөм каражаттардын колдонулушу ыңгайлуу, угулушу жанга жагымдуу болушун талап кылат. Демек, жекече ырдоодо чыгарманы коштогон аспаптын партиясы кандайдыр бир деңгээлде, негизги обон менен айкалышкан өзүнчө гармонияда болушу керек. Кээде, чыгарманын кульминациялык моменттеринде, же кода кайрыктарында гана, ырдын обону менен комуздун партиясы унисон угулушу мүмкүн. Бирок, ошондой болсо да, көпчүлүк учурда кульминациялык кайрыктарда негизги обонду ырдаган ырчынын үнү менен шайкеш келген, көбүнчө кварталык, квинталык, октавалык, кээде терциялык аралыктардагы аспаптык добуштарды колдонуу жакшы натыйжа берет.

Элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүндө, ырчынын аспаптык коштоосу табиятынан негиздүү ойноо ыкмаларга таянылган. Бүгүнкү күндө, маданият, искусство жана музыкалык орто жана жогорку окуу жайларында билим алган жаш музыканттардын көпчүлүгүнүн ырчылык аткаруулук жөндөмү жакшы болгону менен, өзүнүн аткара турган чыгармасын комуздун коштоосунда аткарууну толук жандуу, мыйзам ченемдүү түрдө өздөштүрө албагандарын кезиктиребиз. Алар, ырды аткарууда, аспаптык киришүүсүн да, куплеттер ортосундагы аспаптык кайрыктарды да, обон менен катар унисондуу түрдө аткарууну адатка айлантышкан. Сөзсүз түрдө, андай студенттер окуу мөөнөтүнүн ичинде аспапта ойноону жетишээрлик деңгээлде өздөштүрүүгө жетишип, аткарылуучу чыгармаларын комуздун коштоосунда толук жандуу өздөштүрүүсү талаптуу. Анткени, кандай гана үн болбосун (сопрано, тенор же баритон) комуздун коштоосунда ырдоого көнүксө, ал үндүн тембри жакшырып, уккулуктуу, жанга жагымдуу болуп өнүгүшүнө кыйла көмөгүн көрсөтөт.

Ырчы чыгарманы комуздун коштоосунда өздөштүрүүдө, анын аткаруучулук чеберчилиги, аспапта ойноо ыкмаларын калыптандыруу принциптерине таянышы зарыл. Ырды аспапта коштоону өздөштүрүүнүн үстүндө иштөөнүн бир канча этабы бар:

1. Чыгарманын автору жана анын мүнөзү, мазмуну, стили, кайсы жанрга кириши ж. б. менен таанышуу;

2. Ырдын обонун жана сөзүн толук өздөштүрүү;

3. Чыгарма коштолуучу аспапта ойноо ыкмаларын, шилтемдерин (штихтерин) калыптандыруу менен, обондун аспаптык партиясын ар кандай көркөм каражаттар, түрдүү кайрыктардагы гармониясы шайкеш келген эпизоддук элементтер менен иштеп чыгуу;

4. Ырдын партиясын жана коштоочу аспаптын партияларынын ар бирин өз алдынча жаттоо;

5. Чыгарманын темпин жана ритмин аныктап алуу;

6. Чыгарманын нюанстарынын үстүндө иштөө;

7. Аткарылуучу чыгарманын жана аны коштоочу аспаптын партиясынын синхрондуу шайкеш (ансамблдик) келишин жөнгө салуу;

8. Чыгарманы коштоо менен анын жалпы аткарылышынын ар бир кайрыгын деталдап, тактап өздөштүрүү;

9. Чыгарманы толук жандуу аткаруучулук деңгээлде концерттик аткаруучулук абалга жеткирүү;

10. Аткаруучу чыгарманы комуздун коштоосунда, толук жандуу, ишенимдүү концерттик аткаруучулук абалга жеткирүү менен, экзамендик сынакка алып чыгуу, же угуучуларга (көрүүчүлөргө) тартуулоо.

Чыгарманы ырчы-аткаруучу өзүнүн аспаптык коштоосунда өздөштүрүүдө, негизги маселеден болуп, ырдоо процессинде анын үнү менен аспаптын добушунун шайкештигине көз салуу эсептелет. Бул жагдайда, ырчы-аткаруучунун угуу сезиминин жана ички көмөкөйлүк туюмдуулугунун жогорку деңгээлде болушу талаптуу. Демек, жакшы деңгээлде ырчынын алдына максаттуу түрдө аткаруучулуктун эки шарты коюлган:

1. Угуу жана сезимталдуулукту өнүктүрүү;

2. Аткарыла турган чыгарманын аспаптык коштоосун, ырчынын өзүнүн аткаруусунда мыкты билиши жана аспапта чеберчиликтеги коштоосу менен шайкеш келген ырдын, угуучуларга толук жандуу көркөмдүктө образдуу чагылдыруу аркылуу жеткирилиши. Мындай шарттарды туура, так аткаруу, ырчынын өзүн өзү угуу жана аткаруучулук чеберчилигин жакшы сапаттагы деңгээлге жеткирүүгө өбөлгө болот.

Чыгарманы өздөштүрүүдө, анын обонунун ыргактуу сүрөттөмөлөрүн, кайрыктарындагы үн бийиктигинин дааналыгын, жаш ырчынын артикуляциялык аппаратынын туура иштешине, дикциясынын тактыгына окутуучу-устат көз салуусу зарыл. Ырдын партиясынын үстүндө иштөөдө, комуз менен шайкеш келген партияны издөө керек. Мисалы, комузда кылдардын үстүндө өтө эле ашыкча шартылдата шилтөө менен кубаттуу добуштарды чыгаруу менен коштолгон аккомпанемент, ырчынын үнүн ашыкча кубаттуу чыгарууга мажбурлайт. Мындай көрүнүш кайталана берсе, адегенде ырчынын үнүнүн тембринин жоголуусуна алып келет да, бара-бара ырдоо үнү бузулууга дуушар болот. Аспаптык аккомпанемент ырдын мүнөзүнө, ырчынын үнүнүн тембрдик сапатына, күч-кубаттуулугуна жараша болушу зарыл [3, 78-б.]. Бул жагдайда, чыгарманы аткарууда адепки комуздун киришүү кайрыктары, аткарылуучу чыгарманын мүнөзүнө жараша аткарылып келип, андан соң ырчыга кезек берилет. Бул учурда, ырчыны коштогон комуздун күч-кубаттуулугу бир аз акырындыктагы добуштарда болуу менен, ырчынын үнүнүн күч-кубаттуулугуна шайкеш болушу зарыл. Мында, ырчы комуздун коштоосундагы кайрыктарын ойноодо, көбүнчө терип чертүү ыкмасына өтүүсү дурус болот. Ал эми,

куплеттер арасындагы комуз кайрыктарын аткарууда, чыгарманын мүнөзүнө жараша шилтемдердеги ойноо ыкмалары колдонулат.


Чыгарманын үстүндө иштөөдө, өздөштүрүлүүчү чыгарманы белгилүү элдик ырчылардын аткаруусунда (комузда өзүнүн аткаруусу менен коштоосунда) окуучуга уктуруу зарыл. Бул жагдайда, окутуучу-устат чыгарманы комуздун коштоосунда өзү да аткарып бериши дурус болот. Чыгарманы деталдап өздөштүрүүдө, бир канча жолу угуу жакшы натыйжа берет. Анткени, мындай тактап, дааналоо менен өздөштүрүү, автордун чыгармасынын мүнөзүн ачып, образдуу чагылдыруу менен аткарууга жетишүүгө кыйла көмөгүн берет. Ырчы-окуучунун көңүлүн, баарынан мурда чыгарманын обону менен сөзүнүн төп келишине жана ал ыр ырчынын үнүнө туура шайкеш келүүсүнө буруу өтө зарыл. Себеби, ырчынын үнүнө отурбаган, шайкеш келбеген чыгарманы өздөштүрүүдөн эч майнап чыкпайт.

Ырчы-студент бир катар психологиялык жакшы сапаттарга ээ болушу керек. Ырчынын өзүнүн аткаруусунда комуздун коштоосу – өзгөчө көңүлдү бура турган жөндөм: ырдын партиясы менен шайкеш келген аспаптын партиясында, сол колдун манжаларынын аппликатуралык өзгөчөлүктөрү, сол колго тиешелүү ыкмалардын, оң колдун шилтемдеринин маанилүүлүгү ырчынын үнүнүн эркин, уккулуктуу, жагымдуу тембрдүүлүгү болуп саналат. Ырдоо көнүгүүлөрүнүн ичинде, стаккатолук аккомпанементтин фонунда легато ыкмасында ырдоону өздөштүрө билүү өтө маанилүү. Абалтан комуздун же кыл кыяктын коштоосунда ырдаган дээрлик көпчүлүк ырчылардын үндөрүнүн тембринин көркөм-кооздугу арткандыгын байкайбыз. Демек, элдик аспаптардын коштоосунда ырдоодо, ошол коштоочу аспаптардын добушунун тембрдик сапаттары, сөзсүз түрдө ырчынын үнүнө өзүнүн жагымдуу таасирин тийгизбейт койбойт. Ар дайым комуздун коштоосунда ырдаган ырчынын үнү коңур, жанга жагымдуу чыгып, тембринин кооздугу артат.

Ырчы өзүнүн аткаруусундагы комуздун коштоосунда, аткаруучулук тыкандык, жандуулук сапаттарга ээ болушу керек. Демек, окуучу-музыкант ырчылык аткаруучулук чеберчилиги менен катар, аккомпанементтик жөндөмдүүлүк сапаттарына ээ болушу талаптуу. Чыгарманы коштогон аккомпанементти жазуу да, кандайдыр бир музыка жаратуу менен барабар. Анткени, аккомпанемент обондун негизиндеги ага шайкеш келген өзүнчө саптагы, багыттагы, негизги обонду жандоо менен, музыкада колдонулуучу көркөм каржаттар аркылуу, шөкөттөлүп, анын уккулуктуулугун, жагымдуу гармониясын байыткан коштоочу музыка катары болушу керек. Аккомпанементин жазууга тандалган чыгарманын, эң алды автордун же белгилүү ырчылардын аткаруусундагы жазылмасын угуу зарыл.

Тандап алынган ырга комуздун коштоосундагы аккомпанементти жазууда, эгер, ыр нотага түшүрүлө элек болсо, алгач ырчынын үнүнө туура келген чыгарманын тональностун аныктап алуу менен аны нотага түшүрүү керек. Чыгарманы жана анын комуздун коштоосундагы аккомпанементин жазууда эки шарт бар: биринчиден, кандай гана чыгарма болбосун (ыр, терме, дастан ж. б.) ал кандайдыр бир шартталган жалпы музыкалык теориялык жана гармониялык мыйзам ченемдүүлүктөргө баш ийет, экинчиден, ал мыйзам ченемдүүлүктөр элдик ырчылык аткаруучулук жагдайында бузулушу да мүмкүн. Бул жагдайда, негизинен комуздун коштоосундагы чыгармалардын музыкалык гармониясы профессионалдык мыйзам ченемдүүлүктөн четтөө менен, анын угулушунун жагымдуулугуна, аспаптын толгоосунун, тоомдорунун өзгөчөлүктөрүнө байланышкан, элдик музыкалык аткаруучулук мыйзам ченемдүүлүгүнө шартталып келген.

Комуздун коштоосундагы чыгарманын аккомпанементин жазуу эки саптан турган ноталык станда жүргүзүлөт:




Ырчыны коштогон, аккомпанементтик милдетти аткарган комуз аспабында негизинен ноталык жазылма бир системага салынган. Ал система, жекече аткаруучулукта да, оркестрдик аткаруучулукта да, аспаптын негизги добушу (ортонку кылы) "ля" нотасына толгоо болуп эсептелет [1.36-б.]. Анткени, мындай система ырчынын чыгарманы өздөштүрүүдө, ноталык тексти жөнгө салып, аны окуп-үйрөнүүдө бир кыйла ыңгайлуу жеңилдиктерди берет.

Аккомпанементтик аспап үчүн, жогоруда көрсөтүлгөн ноталык жазылма системасында жана комуздун толгоолорунда чыгармаларды аткаруу, бардык эле учурда ырчылардын ырдоо үн бийиктик ченемине туура келе бербейт. Ошондуктан, бул учурда, тийиштүү ноталык системада түшүрүлгөн чыгарма эч өзгөртүлбөстөн эле, аккомпанементтин кызматын аткарган комузду ырчынын үнүнө ылайыктоо (өзүнүн тональностунда) менен, толгоп алуу керек. Андан соң, чыгарма кайсы тоомунда ойноло тургандыгын тактап, сол колдун манжаларынын аппликатураларын туура коюп чыгуу керек. Мисалы, чыгарманын ноталык жазылмасы ля мажор тональностунда түшүрүлгөн дейли. Бул тональност ырчынын (тенордун) үнүнө туура келбейт. Балким, ырчынын үнү соль же фа мажор тональностторуна туура келиши мүмкүн. Ошондуктан, ноталык жазылманы өзгөртпөстөн эле, комузду соль же фа тональностторуна (ортонку кылын соль же фа ноталарына) толгоп алуу менен, көрсөтүлгөн ля мажордогу чыгарманын үстүндө иштөөгө болот.

Комуздун коштоосунда профессионалдык деңгээлде ырдоо процесси жөнөкөй эмес. Ошондуктан, мында ырчы аткаруучунун үнү, аны коштогон комузунун добушунун тембрдүүлүгү да шайкеш келиши талаптуу. Комуз аспабынын сөзсүз түрдө концерттик сапаттагы үлгүсү болгону дурус.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Алагушов Б. Кыргыз музыкасы: энциклопедия. – Б.: "Бийиктик", 2007. – 532 б.
2.Буудайбек Сабыр у. Эл шайырлары. Адабий маек. – Б.: Турар, 2008. – 508 б.
3.Касей М. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун усулу. Окуу куралы. – Б. 2015. – 168 б.